КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы

**№ 11– Т О К Т О М У**

6-апрель 2023-жыл

**“Бүргөндү айыл аймагынын Бишкек-Ош унаа жолуна таштанды таштоочу урна орнотуу проектисине керектелген акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө”**

Бүргөндү айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновдун айыл өкмөтүнүн аймагындагы Бишкек-Ош унаа жолунун жээгине таштанды таштоочу урна жана таштандыларды урнага салгыла деген логотив проектисине керектелген акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновдун кайрылуусу эске алынсын.

2. Бүргөндү айыл өкмөтүнүн аймагы аркылуу өткөн Бишкек-Ош унаа жолуна таштанды таштоочу урна орнотуу проэктисине керектелген 350 (үч жүз элүү миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралсын.

3. Жогоруда каралган акча каражаттары менен камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновго жүктөлсүн.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б. Кубатов**